**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин**
**№1 педагогикалык кеңешинин**
**ПРОТОКОЛУ**

**18-август, 2022-жыл** **Жерге-Тал айылы**

**Чогулушка катышкан мугалимдердин саны:22**
**Себептуусу:2**
**Себепсизи-**
**Оору: -**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы. 2022-2023-окуу жылына карата милдеттемелер, мектептин жылдык планын бекитүү.
2. 2022-2023-окуу жылына карата саттардын бөлүштүрүлүшү. Коомдук уюмдарга тиешелүү комиссияларды шайлоо, предметтик, акы төлөнүүчү кружоктордун бөлүнүшү, мугалимдердин эмгек стажыларын аныктоо, тарификацияны көзөмөлдөө, эксперттик жана аттестациялык комиссияны бекитүү
3. Мектептин ички тартип эрежелери. Эмгек келишими. Жамааттык келишим
4. Ар кандай маселелер:

1- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебин программалык жана институционалдык аккредитациялоодон өткөрүү үчүн өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүү боюнча комиссиянын курамын бекитүү
2- 1-сентябрь "Кыргыз жараны, жарандардын биримдигинин негизи" темасында салтанаттуу иш чараны уюштуруу

Чогулуштун жүрүшү:
Угулду:

**1-маселе** боюнча мектеп директору Саякбаева Н. Саламатсыздарбы урматтуу агай-эжелер, келе жаткан майрамыңыздар менен куттуктайм. Быйылкы окуу жылында жаңы идея, жакшы, чыгармачылык менен биримдикте иштешебиз деген ишеничтемин. Бүгүнкү педагогикалык кеңештин катышуучулары, президиумда 5 адам. Мектеп директору, окуу бөлүмүнүн башчысы, уюштуруучу, соц. педагог, профсоюз уюмунун төрайымы

Бүгүнкү кеңештин регламентин бекитип алсак.
1-маселеге 30-35 минута, 2-маселеге 15 минута, 3-маселеге 5 минута, 4-маселеге 10 минута

Регламент бир добуштан кабыл алынды.

2022-2023-окуу жылына карата мектептин жылдык планын жана иштөө багыттары, милдеттери боюнча мектеп директору Саякбаева Н. тааныштырып өттү.

-МИЛДЕТ: Окуу жылынын жыйынтыктарына педагогикалык талдоо.
Жаңы окуу жылына карата милдеттер жана уюштуруу иштери
2-МИЛДЕТ. Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.
3-МИЛДЕТ: Мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу. Жаш мугалимдерге усулдук жардамдарды уюштуруу
4- МИЛДЕТ: Окуучуларды коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандырууга тарбиялоо

5- МИЛДЕТ: Коомчулук, ата-энелер менен иштөө

6- МИЛДЕТ: Мектептин материалдык - техникалык базасын чыңдоо.

7-МИЛДЕТ: Мектепке тиешелүү иш кагаздарынын туура, так жүргүзүлүшүнө жетишүү. Ички көзөмөл

Жарыш сөзгө чыккандар:

Математика мугалими Куштарбек кызы Г. - " 2022-2023-окуу жылында жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу. биринчиден мугалимдер ар дайым сабактарды интерактивдүү, ар кандай ыкмаларда өтүү. экинчиден чыгармачылык менен баарлашуу, үчүнчүдөн окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча ар бирибиз иш алып барсак" - деген сунушун айтты.

Башталгыч класстын мугалими Ашыркожоева С. – "Билим берүүдө окуучулар менен бирге ата-энелер мектебин түзүү жакшы көрсөткүчүн берет деп ойлоймун. Окуучуларга билим берүүдө коомчулук, ата-энелер менен бирге иштөө зарыл. Биз ошондо жакшы жетишкендиктерге жетишебиз. Өзүбүздүн иш кагаздарыбызга так болсок, ишибиз өз нугунда болуп турат".

2-маселе боюнча:

Угулду:

Окуу бөлүмүнүн башчысы Куштарбек кызы Г.

1. 2022-2023-окуу жылына карата окуу тарбия иштери боюнча жылдык, айлык пландар түзүлүп бекитилди. Анда пландын максатына ылайык окуучулардын сабактын эффективдүүлүгүн салттуу жана интерактивдүү усулдар менен жогорулатуунун негизинде иш алып баруу багыттары каралды. Окуу программасын окуучуларга учурдун талабына ылайык жеткирүү жана тарбиялоо деген негизи милдетти ишке ашыруу максатыбыз бар.
2. Быйылкы жаңы окуу жылында жалпы жумалык жүктөм: 318 саат. 34 жумада: 10812 саат. 1-чейрек 8 жума, 2-чейрек 8 жума, 3-чейрек 10 жума, 4-чейрек 8 жума

   Быйылкы окуу жылда мектепте жалпы 24 мугалим эмгектенүү алдында турат. Анын 21 мугалим жогорку билимдүү 3 мугалим атайын орто билимдүү. Үч мугалим декреттик эмгек өргүүдө.

2022-2023-окуу жылы үчүн базистик окуу пландарынын негизинде (1-11-кл) кабыл алуу жана мектептик компонентинин предметтик бөлүнүшү.

Угулду:

1-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Куштарбек кызы Гулзат сөз сүйлөп, Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-август, №1529/1 буйругу менен бекитилгендигин айтты жана быйылкы окуу планындагы сааттардын өзгөрүүлөрүн мисалы: 9-класска «Диндердин өнүгүү тарыхы», бул сабакты атайын Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предметинин мугалимдери окутушу керектигин, 1-4-класстардын «Мекен таануу» сабагы «Мен жана дүйнө» деп өзгөргөнүн себебин, англис тилинин 5-6-класстарынын 1 ден сааттары кыскарганы, музыка сабагынын 1-4-класстарда 1 ден саат көбөйгөнү жөнүндө билдирүү берди. Андан соң быйылкы окуу планында мектептик компонентине 3 саат (5-кл-1саат, 8-кл-1 саат, 10-кл-1 саат) бөлүнгөнү жана ал сааттарды 5-класска математика сабагынан 1 саат компонент, 8-класска кыргыз тили сабагынан 1 саат компонент, 10-класска кыргыз тили сабагынан 1 саат компонент киргизүү сунушу берилди.

2022-2023-окуу жылында аткарылуучу иштер, пландар жана сааттардын бөлүштүрүлүшү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы тааныштырды:

| № | Мугалимдердин А.А.А. | Адистиги | ставка | Жумалык сааты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Саякбаева Н. | директор, физика | 1 | 8 |
| 2 | Куштарбек кызы Г. | Завуч, математика | 0,5 | 16 |
| 3 | Мухамбет кызы А | Уюштуруучу, даярдоо | 0,25 | 10 |
| 4 | Касмалиева А | соц.педагог, матем | 0,25 | 13 |
| 5 | Акунсартова А | англис тили | | 18 |
| 6 | Байсейтова К | орус тили | | 16 |
| 7 | Бактыбек уулу А | Информатика | | 10 |
| 8 | Биримкулова Р | башталгыч класс | | 12 |
| 9 | Данияров Р | башталгыч класс | | 16 |
| 10 | Ибрагимова А | кыргыз тили | | 18 |
| 11 | Ибраимов К | башталгыч класс | | 14 |
| 12 | Кенжебаева Ж | Башталгыч класс | | 12 |
| 13 | Касмалиев Н | Музыка | 0,25 | 11 |
| 14 | Карасартов М | кыргыз тили | | 19 |
| 15 | Карбозова Г | тарых, адам коом | | 14 |
| 16 | Жээнтаева А | Диндердин өнүгүү тарыхы | | 6 |
| 17 | Карымшаков К | АЧД, таб.таануу | | 5 |
| 17 | Сарыгулова Н. | орус тили | | 13 |
| 18 | Ашыркожоева С. | башталгыч класс | | 12 |
| 19 | Кенешбек кызы Н | Химия | | 8 |
| 20 | Кудайберди уулу К | дене тарбия | 0,25 | 20 |
| 21 | Курманалиева Б | башталгыч класс | | 13 |
| 22 | Мамиева Ш | биология, МСП | | 10 |
| 23 | Темирбек кызы М | орус тили | | 12 |
| 24 | Шаршенбекова Т | География | | 10 |
| 25 | Шыгаева А | сурот, технология | 0,25 | 15 |

Мындан сырткары төмөндөгү маалыматтар менен таанышып, ошол боюнча иш аткарасыздар деген ойдомун.

- Өндүрүштүк планды толук толтуруп, окуу завучка, Райондук усулдук бирикме жетекчисине жана Ак-Талаа райондук методикалык кабинеттин башчысы Ч. Сатындиева менен макулдашып келип мектеп директоруна бекиттирип баарыныздар жаны окуу жылына даярсыздар, жыл ичинде ошол планды таза, так толтуруу менен сапаттуу аткарат деп ишенем.
- Базистик окуу планына ылайык 1-класс 40 минута окуйт.
- 4 метсекция "Башат", "Тил чеберчилиги", "Сабат", "Таалим" усулдук бирикмелери иштейт. Менторлор: Ибраимов К, Касмалиева А, Касмалиев Н жана Ибрагимова

- Акы төлөнүүчү кружоктор: Сүрөт: Шыгаева А, Музыка: Касмалиев Н, дене тарбия: Кудайберди уулу К
- Предметтик кружоктор: кыргыз тилинен "Манас таануу" Карасартов М, орус тилинен "Лексикон" Сарыгулова Н, тарыхтан: "Доор" Шаршенбекова Т, Географиядан: Шаршенбекова Т "Меридиан", математикадан: Касмалиева А "Пирамида", биологиядан: "Биос" Мамиева Ш. жана физика, астрономия боюнча Саякбаева Н. "Эврика" Англис тилинен "Useful" Акунсартова, химия боюнча "Chemistry" Кеңешбек кызы Н, информатика боюнча "Windows" Бактыбек уулу А
- Насаатчылыкка 3 жаш мугалим бар. Темирбек кызы Майрамкүлгө Шыгаева А, Кеңешбек кызы Нургүлгө Касмалиева А, Мухамбет кызы Асемге Биримкулова Р эже
- Класс жетекчиликке: Ашыркожоева С 1 "а" -класс; Мухамбет кызы А 1 "б"; Биримкулова Р 2-класс; Ибраимов К 3-класс; Данияров Р. 4-класс; Темирбек кызы М 5-класс; Ибрагимова А 6-класс; Сарыгулова Н 7-класс; Шаршенбекова Т. 8-класс; Касмалиева 9-класс; Кеңешбек кызы 10-класс; Акунсартова А. 11-класс;

Жарыш сөзгө чыккандар:

Ибрагимова А.: мен усулдук бирикме жетекчилеринин атынан, менторлор мурункудай эле иштей беребиз. Иш планды чогуу биргелешип түзсөк деген оюмду айтар элем. Жумалык иш чаралар усулдук бирикмелер тарабынан жалпы жонунан баары биригип декада кылып өтсө эң жакшы натыйжасын берет дегенди айткым келет.

Данияров Р.- Акы төлөнүүчү кружоктон Сүрөт кружогунан "Сыйкыр калем" кружогунан результат болуп жатат, анткени окуучуларыбыздын сүрөткө болгон кызыгуулары жакшы.

Химия мугалими Кеңешбек кызы Н.-"Олимпиадага даярдаган окуучуларыбызды шаарлардан курстарды окутууда окуучуларыбыздын чеберчиликтерин, ой жүгүртүүлөрүн, аң-сезимдерин өстүрүүдө эң натыйжалуу жемишин берип райондук, областтык, республикалык турлардан ийгиликтүү орундарды алат деген ишеничтемин.

Кыргыз тили мугалими, Ибрагимова А. – "Олимпиадага даярдаган окуучуларыбызды ар бир предметтик мугалим жоопкерчилик менен мамиле кылса, жумасына 3 жолу окуучулар менен баарлашып, суроо-жооп иретинде талкуулашса; Окуучуларыбыз өз алдынча окушса жана курстарга барып окуп турушса. Окуучу ал предметке кызыгуусу күчтүү болсо.

Башталгыч класстын мугалими: Биримкулова Р
Окуучулабыздын кругозорлорун өстүрүүдө "Кенгуру", "Алтын түйүн" менен иштөө натыйжалуу жемишин берет деген ойдомун жана эки айда бир тесттердин ар кандай ыкмаларын, кругозорлорун өстүрүүчү логикалык суроолорду берип турсак.

Орус тили мугалими Темирбек кызы М олимпиадада даярдай турган окуучуларыбызга кабинет жетишсиз болгонуна карабастан үйдөн дагы тапшырмаларды берүү жана бөлүнгөн убак саатында даярдоо бир күндө даярдоодо натыйжасын кароо. Предметке кызыкдар болгон окуучуларыбызды алсак, олимпиадада жемишин берет. Бул үчүн окуучуларда изденүү, эмгек, кызыгуу болушу керек.

Мухамбет кызы Асем - класс жетекчилер классы менен активдүү иштеп беришет деп ишенем. Ар бир класс жетекчи жоопкерчилик менен иш аткарышса, демек классы активдүү. Андыктан ар кандай иш-чараларды өз убагында өтүүдө класс жетекчилердин эмгеги зор.

Коомдук уюмдарды шайлоо боюнча Уюштуруучу Мухамбет кызы А. жана соц.педагогдун билдирүүсүнүн негизинде төмөндөгү уюмдарга жетекчилери жана мүчөлөрү шайланышты. Анда:

- "Жаштар" уюмуна-Бактыбек уулу А., Акунсартова А.
- "Кыздар" уюмуна-Кеңешбек кызы Н.
- "Балдар" уюмуна-Кудайберди уулу К.
- Балдар Өспүрүмдөр Уюму-Темирбек кызы М.
- "Мыктынын мыктысы" мониторингинин комиссиясына:

Төрайымы Биримкулова Р., 4 усулдук бирикме жетекчиси

- Ата-энелер мектебинин жетекчиси-Мухамбет кызы А, Шыгаева А, Ашыркожоева
- Канаа башчыларына:

"Башталгыч класс №1"-Курманалиева Б.
"Математика"-Куштарбек кызы Г
"Физика"-Касмалиева А
"Кыргыз тил"-Данияров
"Орус тил"-Байсейтова
"Биология"-Мамиева
"Информатика"-Бактыбек уулу А.
"Химия"-Кеңешбек кызы Н

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Куштарбек кызы Г. 2022-2023-окуу жылына карата мектеп мугалимдеринин тарификациялык тизмесин көзөмөлдөө жана педагогикалык стажысын аныктоо боюнча эксперттик комиссиянын курамын түзүү жөнүндө директордун буйругунун негизинде комиссия кабыл алынышы керек. Бул боюнча сунуш пикириниздер болсо айтыныздар.

Кенештин мүчөлөрү талкуулап:

Комиссиянын төрайымы мектеп директору Саякбаева Н жана мүчөлөрүнө окуу бөлүмүнүн башчысы Куштарбек кызы Г. кесиптик бирликтин төрайымы Курманалиева Б, уюштуруучу Мухамбет кызы А. жана жаштар уюмунун жетекчиси Акунсартова А. көрсөтүлдү.

- Аттестациялык комиссиянын төрайымы: Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин директору Саякбаева Н.Ш

Мүчөлөрү: Окуу бөлүмүнүн башчысы, Куштарбек кызы Г
АБББ эсепчиси Арыкова Айзада
Кесиптик бирликтин төрайымы: Курманалиева Б
Ак-Талаа райондук ОАА МСЭКБ сан.эпид. башчысы Бекишов Э.
Чарба иштери боюнча директордун орун басары Акунова М.

Жарыш сөзгө чыккандар:
Башталгыч класстын мугалими Данияров Р Аттестациялык комиссиянын төрайымы, мүчөлөрү, АБББ эсепчиси, кесиптик бирликтин төрайымы,
Ак-Талаа райондук ОАА МСЭКБ сан.эпид. башчысы Бекишов Э.
Чарба иштери боюнча директордун орун басары Акунова М. туура эле. Жогоруда аты аталган адамдар менен мен жана мектеп коллективи бир чечимден кабыл алышты.

3-маселе:Мектептин ички тартип эрежелери. Эмгек келишим. Жамааттык келишим

Мектептин ички тартип эрежелери жана эмгек келишими боюнча ар бир предметтик мугалимдер таанышышты, кабыл алышышты.Окуу тарбия иштери боюнча предметтик мугалимдердин милдеттери, мет. секция усулдук бирикме жетекчилеринин милдеттери,

класс жетекчилердин милдеттери, канаа башчылары жана насаатчы мугалимдердин милдеттери талкууланып бекитилди. Тиркеме тиркелет.

Жарыш сөзгө чыккандар:

География мугалим Шаршенбекова Т мектептин ички тартип эрежелерине чейрегине бир жолу суранууну талап кылсак. Антпесек, сурануу көп болуп, окуучулардын окуусуна, билим сапатына көнүл бурулбай калабы деген ойдомун.

Чет тили мугалими Акунсартова А мектептин ички тартип, эмгек келишим жана жамааттык келишим боюнча тааныштык. Негизинен суранууну токтотсок. Зарыл болгон учурда сурансак.

4-маселе: Ар кандай маселелер:

1- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде программалык жана институционалдык аккредитациялоодо өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүү боюнча комиссиянын курамы бекитүү

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрь №905/1 буйругуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомунун негизинде иш алып баруу боюнча мектеп директору Саякбаева Назира билдирүү жасады. Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругунун негизинде Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби октябрь айында программалык жана институционалдык аккредитациялоодон өтө тургандыгы графикте берилген.

Жалпы билим берүү уюмдарын институционалдык аккредитациялоодон өткөрүү боюнча төмөнкү документтердин формалары:

- институционалдык аккредитациялоодон өтүү үчүн билим берүү уюмунун арызы 1-тиркемеге ылайык;
- институционалдык аккредитациялоодон өтүү үчүн өзүн-өзү баалоонун отчету 2-тиркемеге ылайык;

Жалпы билим берүү программаларын программалык аккредитациялоодон өткөрүү боюнча төмөнкү документтердин формалары:

- программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн билим берүү уюмунун арызы 7-тиркемеге ылайык;
- программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн өзүн-өзү баалоонун отчету 8-тиркемеге ылайык;

Жалпы билим берүү уюмдарын программаларын институционалдык программалык аккредитациялоодон өткөрүүдө:

- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссия курамын түзүшүбүз керек.

Комиссиянын курамына төмөндөгүлөрдү сунуштайм:

1. Комиссиянын төрайымы: мектеп директору - Саякбаева Н

Комиссиянын мүчөлөрү:

2. Окуу бөлүм башчысы - Куштарбек кызы Г
3. Класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу - Мукамбет кызы А
4. Соц. педагог - Касмалиева А
5. Кесиптик бирликтин төрайымы – Курманалиева Б
6. Чарба башчысы – Акунова М
7. Информатика мугалими- Бактыбек уулу Амантур
8. Ата-энелер комитетинин төрайымы – Ашымбекова А.
9. Көзөмөлчүлөр кеңешинин мүчөсү-Жумалиев М.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Башталгыч класстын мугалими Биримкулова Р. Негизинен өзүн-өзү баалоо жүргүзүү комиссиясы 9 адамдан түзүлгөнү туура. Жалпы билим берүү уюмдарын программаларын

институционалдык программалык аккредитациялоодо комиссиянын төрайымы менен мүчөлөрү курамы туура түзүлдү деген оюмду айтар элем.

Физика мугалими Карымшаков К. Биздин мектеп быйылкы 2022-2023-жаңы окуу жылында аккредитациялоодон өтөбүз дегенди билишет. Андыктан болгон иш-аракетибизди жумшап, жакшы өтүп алалы деген ниетимди айтар элем.

2-. 1-сентябрь билим күнү

"Кыргыз жараны, жарандардын биримдигинин негизи" темасында салтанаттуу иш чараны уюштуруу

- Дежурствону так, өз убагында аткаруу.
- Мугалимдердин ички ынтымагын күчөтүү
- Класстык бурчтардын сапаттуу уюштурулушу
- Мектептин класстык журналын толтуруу боюнча инструкциялар
- Мугалимдердин жайкы эс алуусу
- Канаа башчыларын бекитүү

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин №1 педагогикалык кеңешмесиндеги маселелерди карап чыгып токтом кылат:**

1. 2022-2023-окуу жылына карата мектептин жылдык планы 7 багыттагы милдеттердин негизинде бекитилсин.
2. 2022-2023-окуу жылында жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчү боюнча иш алып баруу ар бир мугалимге милдеттендирилсин.
3. 2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планынын негизинде мугалимдерге бөлүнгөн жумалык жүктөмдөр, класс жетекчилик, кружок жетекчилери, усулдук бирикменин жетекчилери, канаа башчылары жана тарификациялык, аттестациялык комиссиянын курамы ж.б. коомдук иштердин бөлүштүрүлүшү 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. 2022-2023-окуу жылы үчүн базистик окуу пландарынын негизинде (1-11-кл) кабыл алынсын, бекиттирилсин жана мектептик компонентинин предметтик бөлүнүшү (5-кл математика предметине, 8-кл-кыргыз тили предметине, 10-класс-кыргыз тили предметине) берилсин. Бул .боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Куштарбек кызы Гулзатка милдеттендирилсин.

5. 2022-2023-окуу жылында мугалимдерге бөлүнгөн коомдук иштер жоопкерчилик менен аткаруу бардык мугалимдерге милдеттендирилсин.
6. Өзүн-өзү баалоо 22.08.2022 ж. баштап 22.11.2022 ж. жылга чейин өткөрүлсүн.

Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде программалык жана институционалдык аккредитациялоодо өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүү боюнча комиссиянын курамы бекитилсин

1. Комиссиянын төрайымы: мектеп директору - Саякбаева Н

Комиссиянын мүчөлөрү:

2. Окуу бөлүм башчысы - Куштарбек кызы Г
3. Класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу - Мукамбет кызы А
4. Соц. педагог - Касмалиева А
5. Кесиптик бирликтин төрайымы – Курманалиева Б
6. Чарба башчысы – Акунова М
7. Информатика мугалими – Бактыбек уулу А
8. Ата-энелер комитетинин төрайымы – Ашымбекова А
9. Көзөмөлчүлөр кеңешинин мүчөсү – Жумалиев М

комиссиянын төрайымы жана мүчөлөрү бир добуштан кабыл алынсын.

7. Комиссия өзүн-өзү баалоо отчетун кийинки №2 пед.советке кароого көрсөтүшсүн.
8. Олимпиадага окуучуларды өз убагында чыгармачылык, изденүүчүлүк менен даярдоо предметтик мугалимдерге жүктөлсүн жана ОББ тарабынан көзөмөлдүккө алынсын.
9. Канаа башчыларын бекитүүдө «Химия» канаасынын канаа башчысы Кеңешбек кызы Н, «Биология» канаасынын канаа башчысы Мамиева Ш, «География» канаасынын канаа башчысы Шаршенбекова Т, «Математика» канаасынын канаа башчысы Биримкулова Р, «Физика» канаасынын канаа башчысы Касмалиева А. «Технология» канаасынын канаа башчысы Шыгаева А эжелер канаа башчылары болуп бекитилсин.
10. Мектептин ички тартип эрежелерине ылайык иш алып баруу жагы баардык мугалимдерге милдеттендирилсин, ички көзөмөлдү так жүргүзүү жагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Куштарбек кызы Г, класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу Мухамбет кызы Асем, соц. педагог А. Касмалиевага милдеттендирилсин.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Мектеп директору: ________ Саякбаева Н

Катчы: ________ Ибрагимова А